Каралды
Кесиптик бирликтин
төрайымы: ________ Эшимбекова А.К.
№ 1
"30" 08 2022-ж

Бекитемин
Нурлан Рахманов атындагы
орто мектебинин директору
________ Дюшенбаева С.Э.
01.09.2022-ж

**Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин өзүн-өзү башкаруу уюмунун (парламент) иш алып баруусу жөнүндө**

**ЖОБО**

**1.Жалпы жоболор.**

Мектеп ичинде өзүн - өзү башкаруу уюму мектеп жашоосун демократташтыруу процессин колдоо учурунда мектепти өз алдынча башкаруу түзүлүшү аркылуу:

1. Окуучулардын укуктарын коргоо жана окуу-тарбиялоо иштери боюнча аракеттерди координациялоо жана күчтөрдү консолидациялоо ( бириктирүү) үчүн эффективдүү чараларды колдонот .
2. Кыргызстандагы мектептер ортосундагы жемиштүү мамилелерди жалпы теңдик принциптеринин негизинде өнүктүрөт.
3. Проблемаларды чечүүдө окуучулар, мугалимдер мектеп администрациясы, ата-энелер жана коомчулуктун ортосундагы чогуу иш алып баруусун жүргүзөт.
4. Мектеп парламенти мектептердеги демократиялык өзгөрүүлөрдү киргизүүнүн борбору

**2. Мектепте уюмдун ички уюштуруусу.**

1 .Мектеп парламентинин отуруму керек учурларда , 1 жумада 1 жолкудан кем эмес мөөнөттө өткөрүлүшү керек.

2. Отурум анда уюмдун мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда анык деп эсептелет.

3 .Ар бир уюмдун лидери " мектеп уюму менен мектеп администрациясынын ортосундагы укук-милдеттерди ажыратуу" мыйзамынын (1ст) негизинде укук милдеттер менен колдонот.

4. Уюмдун ички маалыматтары лидерлердин бири- бири менен сүйлөшүү учурунда, мектеп уюумунун чогулушунда берилет.

5. Уюмдун жетекчилеринин ишинин ички көзөмөлү ар бир лидердин отчет берүү жолуу менен жүргүзүлөт.

**3. Мектеп уюму жана шайлоочулар.**

1 . Мектептеги жалпы уюмдун курамындагы окуучулар уюмдун жетекчисин шайлай алышат.

2. Уюмдагы шайлоо так, ачык жүргүзүлөт.

**5. Өзүн- өзү башкаруу уюмунда мектеп лидерлеринин, мектеп призидентинин аткара турган иштери жана милдеттери.**

1. Уюмдун мектеп ичиндеги чогулушуна дайыма катышуу.

2. Чогулушта берилген тапшырманы убагында так аткаруу.

3. Уюмдун милдети тууралуу маалымат берүү жана жайылтуу.

4. Мектептин лидерлери шаардык, райондук семнарларга, кечелерге, тренингдерге катышууга милдетүү.

5.Мектепти жетектеген уюмдун лидерлери ишембилик, линейка жана тарбиялык мааниси бар кечелерди өткөрүүгө көмөктөшөт.

6. Мектептин уюмунун ички мыйзамдарын сыйлоого милдетүү.

7.Уюмдун курамындагы лидерлер жалпы окуучуларды ынтымактуулукка,толеранттуулукка, натыйжалуулукка үндөйт.

8.Мектеп уюмунун призденти өз шайлоочуларынын алдында бир жылда эки жолкудан кем эмес мөөнөттө отчет берип турушу керек.

9. Мектеп уюмунун лидерлеринин иштери төмөнкү принциптерде өткөрүлүшү керек жалпыга маалымдоо каражаттарында ар дайым чагылдырылышы керек.(мектеп газетасы, жергиликтүү басма, кулактандыруу доскалары аркылуу).